# Тилегеним

Обону: Туратбек Дуйшеев.

Сөзү: Жылдызбек Турсунбаев.

Аткаруучу: Мурзаибраимова Сайрагүл Бекмаматовна

Алыста жүрсө дагы кыялдашым.

Ашыгым өзгө жанга кыйалбасым.

Алсыз бир жүрөгүмдү уурдап алып.

Арбаган махабатка асыл жаным.

Эңсебей бир мүнөт да туралбасым

Эсимден эч убакта чыгарбасым

Ээ болуп жан дүйнөмдүн ачкычына

Эрмегим эс тандырган кумарлашым .

Өзүңсүз өксүгү жок күн өтпөсүм.

Өзүң деп дастан жазсам түгөнбөсүм.

Өрт жанган көздөрүңө азгырылып.

Өмүрдө жашап келем жүрөктөшүм.

Кымбатым кыйын күндө бөлүнбөсүм.

Көзүмө сенден башка көрүнбөсүм.

Кызыгын бул жашоонун бирге татып.

Кылымга канат кагаар өмүрлөшүм